КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Бишкек шаары, 2013-жылдын 3-майы N 231

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы N 124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Окмотуно караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинин уюштуруучулук түзүмүн оптималдаштыруу, байланышты жонго салуу органынын ишин оркүндотүү, Ысык-Кол жана Ош облустарынын аймагында байланыш жаатындагы мыйзамдардын аткарылышын контролдоону күчотүү максатында Кыргыз Республикасынын Окмоту токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Окмотүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы N 124 "Кыргыз Республикасынын Окмотуно караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги жонүндо" токтомуна
томонкүдой озгортүүлор киргизилсин:

- 1-пунктунун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп табылсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги жөнүндө жобо :

7-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

"- монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен монополист-ишканалардын электр жана почта байланыш кызматтарына тарифтерди бекитет;";

18-пунктундагы "18-пунктунун" деген сөз жана цифралар "17-пунктунун" деген сөзгө жана цифраларга алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси күчүн жоготту деп табылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги:

- региондор аралык аймактык башкармалыктарды өзгөртүп түзүүнү аларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинин борбордук аппаратына бириктирүү жолу менен, Ош шаарына жана Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Чолпон-Ата шаарына, аталган аймактык башкармалыктардын мурда карамагында болгон объекттердеги жумуш орундарына жайгаштыруу менен ишке ашырсын;

- үч айдын ичинде:

"Кыргыз Республикасынын Окмотунун 2011-жылдын 22-августундагы N 473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жонүндо" токтомуна озгортүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Окмотунун токтом долбоорун иштеп чыксын жана белгиленген тартипте киргизсин;

бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды корсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Окмотунун Аппаратынын региондук онүктүрүү, транспорт, курулуш жана коммуникациялар болумуно жүктолсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндон тартып күчүно кирет.

"Эркин Тоо" газетасынын 2013-жылдын 7-майындагы N 37 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри

Ж.Сатыбалдиев

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы N 124 [токтому](#) бекитилген

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги жөнүндө
ЖОБО

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы N 231 [токтомунун](#) редакциясына ылайык)

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги (мындан ары - Агенттик) электр жана почта байланыш жаатын, анын ичинде радиожыштык спектрин пайдаланууну жонго салуу функциясын ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп эсептелет.

2. Агенттик оз ишинде Кыргыз Республикасынын [Конституциясын](#) , Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буйруктарын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык макулдашууларды, ушул жобону, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

3. Агенттик юридикалык жак болуп эсептелип, анын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аты жазылган мөөрү жана Кыргыз Республикасынын казыналык системасында эсептери болот.

2. Агенттиктин максаты жана милдеттери

4. Агенттиктин максаты, жогорку технологиялык жана атаандашууга жарамдуу Улуттук маалымат жиберүү тармагын түзүү жана Улуттук тармакты жалпы дүйнөлүк маалымат айдынына аралаштыруу.

5. Агенттик томонкүдөй милдеттерди аткарат:

- атаандаштыкты онүктүрүүнүн негизинде электр жана почта байланыштарынын кызмат көрсөтүүсүн камсыз кылуу;

- радиожыштык спектринин пайдаланылышын натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу;

- байланыш тармактарынын жана системаларынын өнүгүшүнө көмөктөшүү;

- жарандардын жана башка кардарлардын байланыш жаатындагы мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо.

3. Агенттиктин функциялары

6. Агенттик ага жүктөлгөн негизги милдеттерге ылайык төмөндөгү функцияларды

аткарат:

жонго салуу функциялары:

- радионурландыруучу жана жогорку жыштыктагы электромагнит толкундардын булагы болгон радиоэлектрондук каражаттарды, жогорку жыштыктагы түзүлүштөрдү, техникалык каражаттарды Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүүгө уруксат берет жана алардын реестрин түзөт;

- Кыргыз Республикасында байланыш тармагын номерлоонун Улуттук планына ылайык телефондорду номерлоо ресурсун (эл аралык жана шаар аралык коддор менен кошо) пайдалануу жана жайгаштыруу тартибин аныктайт;

- электр байланыш кызматынын бардык пайдалануучуларына сапаттуу кызмат көрсөтүүнүн, маалыматтын сырын жана кереКтөөчү жөнүндөгү маалыматтын сырын сактоонун негизинде, жалпы электр байланыш тармагына жана кызматтарына чыгуу мүмкүндүгүнө бирдей деңгээлде жетишин камсыз кылат;

- номерлерди бөлүп берүүнү ишке ашырат (номерлердин диапазондору, эл аралык жана шаар аралык коддор), электр байланыш операторлоруна жана электр байланыш кызматтарына бөлүнгөн номерлерди натыйжалуу пайдалануюга контролду камсыздайт;

- Кыргыз Республикасынын аймагындагы техникалык каражаттардын өз ара байланышкан түтүмү болуп саналган жана жыштык каналдарынын жана тилкелеринин пайдаланылышын жалпы ченоону, жиберилүүчү радиосигналдардын техникалык жана эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүн текшерүүнү жүргүзүүгө, санкцияланбаган радиобергичтерди жана жогорку жыштыктагы электромагниттик таркатылуулардын булактарын, радио тоскоолдуктарды табууга жана аныктоого жана радиожыштык спектрин таасирдүү пайдалануунун башка маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик радиоконтроль түтүмүн түзөт, онүктүрөт жана иштетет;

- Кыргыз Республикасынын радиожыштыктарды бөлүштүрүү Улуттук таблицасына

ылайык, номиналдарды, радиожыштык тилкелерин болуп берет/ыйгарат;

- жыштык ыйгарууларды болуп берет, токтото турат, кайта алат же аны болуп берүүдөн баш тартат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонуучуларга мурда берилген номиналдарды, радио жыштык тилкелерин кайтарып алат, озгортот, токтото турат, модификациялайт жана кайра болуштурот;

- радиожолтоолордун жана санкцияланбаган белгилердин кандайын болбосун аныктайт жана жоет, пайдалануучуларга радиожолтоолордун денгээлин азайтуу жана богот коюу боюнча талап коет;

- жыштык ыйгаруусуз радиоэлектрондук каражаттарды жана жогорку жыштыктагы түзүлүштөрдү аныктайт жана мыйзамдын талабына ылайык аларды пайдаланууну токтотот;

- радиоэлектрондук каражаттарга жана жогорку жыштыктагы түзүлүштөргө ыйгарылган жыштыктарга эл аралык укуктук коргоо жүргүзот;

- Кыргыз Республикасынын лицензиялоо жонүндо мыйзамына ылайык лицензиялык иш-аракеттерди жүргүзот жана берилген лицензиялардын маалымат базасын түзот жана жүргүзот;

- Кыргыз Республикасынын жыштык ыйгарууларынын маалымат базасын түзот жана жүргүзот;

- жабдууларга жана техникалык каражаттарга берилген шайкештик сертификаттардын реестрин түзот жана жүргүзот;

- операторлордун, электр байланыш кызматтарынын, почта байланыш ишканаларынын жана байланыш кызматынан пайдалануучулардын ортосунда болгон чыр-чатактарды жонго салуунун, калыс карап чыгуунун жана чечүүнүн тартибин белгилейт;

- керектоочүлордүн ар кандай категорияларынын жана топторунун ортосунда кайчы субсидиялоону болтурбоо маселелерин изилдейт жана байланыш тармагында аны токтотуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- бардык электр жана почта байланыш операторлорунун, электр байланыш кызматтары жана почта байланыш ишканаларынын ортосундагы эркин атаандаштыкты колдойт, анын ичинде байланыш жаатындагы ишти жонго салуучу тиешелүү эрежелерди жана нускамаларды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Окмотүно бекитүүго жиберүү жолу менен дагы колдоо корсотот;

- Кыргыз Республикасынын байланыш рыногуна талдоо жүргүзот;

Координациялоо, козомолдоо жана контролдоо функциялары:

- жабдууларды жана техникалык каражаттарды ондүрүүдо, колдонууда шайкештигин тастыктоо боюнча мыйзамдын талаптары аткарылышын камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясынын Агенттиктин компетенциясына тиешелүү болгон чечимдерин ишке ашырат жана аткарылышын контролдойт;

- радионурландыруучу жана электромагнит толкундарынын булагы болгон радиоэлектрондук каражаттарды, жогорку жыштыктагы түзүлүштордү, техникалык каражаттарды Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүүнү жонго салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары аткарылышын камсыз кылат;

- байланыш жаатында мыйзамдын сакталышына мамлекеттик контролду ишке ашырат;

- байланыш жаатын жонго салуу чойросүндогү мыйзамды сактоо маселеси боюнча текшерүүлөрдү жүргүзөт;

- улуттук коопсуздуктун, коргонуунун, укуктук тартиптин кызыкчылыгы үчүн жана озгочо кырдаалдарда жалпы колдонуудагы электр байланыш операторлоруна жана кызматтарына жүктолгон милдеттердин аткарылышын камсыз кылат;

- байланыш тармагында лицензиялык келишимдердин шарттарынын аткарылышына мамлекеттик контролду ишке ашырат;

- жыштык ыйгарууларына ээ болгон юридикалык жана жеке жактардын иштеринин корсотүлчү байланыш кызматынын сапатына мамлекеттик контролду ишке ашырат;

- байланыш, лицензия тармагындагы мыйзамдарда каралган корсотмолордү чыгарат;

- жалпы пайдалануудагы электр байланыш тармагын биргелешип пайдалануну контролдойт жана тармактар аралык туташтыруу талаптары аткарылышын мониторингдейт;

- радиокаражаттар орнотулган жерлерде радиоэлектрондук каражаттардын жана жогорку жыштыктагы түзүлүштөрдүн техникалык ченемдери сакталышын контролдойт;

- региондор аралык башкармалардын иштерин контролдойт;

- колдоо функциясы;

- Агенттиктин карамагына берилген мамлекеттик мүлктү оперативдүү башкарат, анын сакталышын жана натыйжалуу пайдаланылышын контролдойт;

- ички контроль системасынын натыйжалуулугуна жана финансы-чарбалык иштин натыйжалуулугуна баа берет, баалоонун жыйынтыгы боюнча Агенттиктин компетенциясынын чегинде сунуштарды иштеп чыгат;

- электр жана почта байланыш тармагындагы техникалык стандартташтыруу боюнча, ошондой эле радиожыштыктык нурландыруучу же жогорку жыштыктагы электромагнит толкундарынын булагы болгон техникалык каражаттарга документтерди жана техникалык регламенттерди иштеп чыгууга жана экспертизасына катышат.

4. Агенттиктин укуктары

7. Агенттик томондогүдой укуктарга ээ:

- монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен монополист-ишканалардын электр жана почта байланыш кызматтарына тарифтерди бекитет;

- милдеттүү сертификаттоо формасында техникалык каражаттардын шайкештигин ырастайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын чегинен сырттан алынган жабдуулардын жана техникалык байланыш каражаттарынын шайкештигин тастыктоонун натыйжаларын таануу процедурасын белгиленген тартипте жүргүзөт;

- Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагындагы радиожыштык спектрине белгиленген тартипте радиомониторинг откорот;

- электр жана почта байланыш операторлорунан алардын катышуучуларынын/уюштуруучуларынын (фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган жери, уставдык капиталдагы vлvшv) курамы жонvндо маалыматтарды, уставдарды, инвестициялардын долбоорлорун, бизнес-пландарын, анын ичинде байланыштын магистралдык тармактарын андан аркы онvктvрvv боюнча иш-аракеттер жонvндо пландарды, кvнvмдvк отчетторду сурап алат, ошондой эле мыйзамга ылайык тиешелvv отчеттордун тартиптерин жана мооноторvн белгилейт;

- байланыш жаатындагы укук-ченемдик актыларды, келишимдерди макулдашууга катышат;

- администрациялык укук бузуулар жонvндо иштерди карайт, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жонvндо кодексине жана байланыш жагындагы мыйзамдарга ылайык айып салуу жонvндо чечим чыгарат;

- байланыш жаатындагы мыйзамдарга ылайык корсотмолордv берет;

- сотторго доо жана арыздар менен кайрылат, аларды сотто иштерди кароого катышат;

- Агенттикке жvктолгон функцияларды ишке ашыруу vчvн мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтvv оз алдынча башкаруу органдарынан, жеке жана юридикалык жактардан керектvv маалыматтарды жана материалдарды сурап алат;

- тийиштvv адистердин катышуусу менен убактылуу жумушчу комиссияларды жана топторду белгиленген тартипте тvзот;

- Агенттиктин функцияларын ишке ашыруу vчvн оз компетенциясынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипке ылайык эл аралык келишимдерди тvзот, cvйлошvvлордv жvргvзот же илимий-изилдоо жана башка иштерди жvргvзvvго катышат;

- мыйзамда каралган башка укуктарды ишке ашырат.

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы N 231 токтомунун редакциясына ылайык)

8. Оз иштерин жана функцияларын ишке ашыруу максатында Агенттик ыйгарым укуктарынын чегинде байланыш жаатына тиешеси бар ишканалардын менчигинин формасына карабай бардык документтерин көрүү эркиндигине укуктуу.

5. Агенттиктин ишинин уюштурулушу

9. Агенттик борбордук аппараттан, анын ичинде инженердик-техникалык борбордон, региондор аралык башкармалардан турат жана бирдиктүү структураны түзөт.

10. Агенттикти директор башкарат, аны кызматка Кыргыз Республикасынын Премьер-министри дайындайт жана бошотот.

11. Агенттиктин штатында статс-катчынын жана директордун орун басарынын кызмат орундары каралган.

Статс-катчыны дайындоо, бошотуу тартиптери, милдеттери жана ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик кызмат жөнүндө" Мыйзамында аныкталат.

Директордун орун басарын кызматка Кыргыз Республикасынын Премьер-министри директордун сунушу боюнча дайындайт жана бошотот. Директордун орун басары түздөн-түз директорго баш ийет жана ага жүктөлгөн милдеттердин жана укуктардын чегинде Агенттиктин ишин уюштурат.

13. Агенттиктин директору:

- Агенттикке жүктолгон маселелердин жана функциялардын аткарылышына жеке жоопкерчиликтүү;

- Агенттиктин директорунун орун басарынын милдеттерин аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы менен макулдашып, статс-катчыга Агенттиктин компетенциясына берилген айрым маселелерди тейлоону тапшырат.

- Агенттиктин структуралык бөлүктөрүнүн, региондор аралык башкармалардын жоболорун жана кызматкерлердин иш милдеттерин бекитет;

- Агенттиктин структурасын, чыгымдар сметасын жана штаттык тизмесин бекитет;

- буйруктарга, көрсөтмөлөргө, лицензиялык комиссиянын жана Агенттиктин Консультациялык кеңешинин чечимдерине кол коет;

- Агенттиктин аппаратына кирген инженердик-техникалык персоналды ишке жалдайт;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Агенттиктин иши тууралуу отчет берет;

- инженер-техникалык кызматкерлердин эмгек акысынын деңгээлин бекитет:

- ведомстволук сыйлыктарды белгиленген тартипте бекитет жана Агенттиктин

кызматкерлерин сыйлайт;

- Агенттиктин кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоого корсотот;

- Агенттиктин кызматкерлеринин окулдук органы менен жамааттык келишимге кол коет.

13. Агенттиктин директору байланыш боюнча башкы мамлекеттик инспектор болуп саналат; директордун орун басары, ошондой эле региондор аралык башкармалардын жетекчилери - Кыргыз Республикасында байланыш боюнча ага инспекторлор болуп эсептелишет.

14. Электр жана почта байланыш тармагындагы ишти жонго салуу боюнча маанилүү маселелерди кароо үчүн Агенттиктин алдында Агенттиктин директору же директордун орун басары башкаруучу туруктуу иштоочу лицензиялык комиссия (мындан ары - комиссия), Консультациялык кенеш (мындан ары - кенеш) түзүлот. Комиссия жана кенеш жонүндо жоболорду, алардын сандык жана сапаттык курамын Агенттиктин директору бекитет. Комиссиянын жана кенештин чечимдери Агенттиктин токтому менен таризделет.

15. Агенттикте коомдук байкоочу кенеш түзүлот, ал Агенттик менен жарандык коомдун ортосунда оз ара макулдашылган иш жүргүзүү максатында түзүлүүчү консультациялык-байкоочу орган болот.

Коомдук байкоочу кенештин чечимдери сунуш мүнөзүндо болот.

6. Агенттиктин мүлкү жана каржыланышы

16. Агенттиктин кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкү мамлекеттик менчик болуп саналып, ажыратуу мыйзамга ылайык ишке ашырылат.

17. Агенттикти кармоо үчүн каржылоонун булактары томонкулордун эсебинен түзүлөт, алар:

- лицензиялоо боюнча көзомолдоо иштерин жүргүзгөндүгү үчүн лицензиаттын лицензияланган иштен түшүүчү кирешесинин 1%и олчомүндө жыл сайын төлөнүүчү акы (тармактык пошлиналар);

- радиожыштык спектрин пайдалануну көзомолдоо функциясын аткарганы үчүн жыл сайын алынчу акыдан, ага радиоконтролдун мамлекеттик системасын колдоого, оркүндөтүүгө жана онүктүрүүгө төлөнүүчү акы да кирет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, радиожыштык спектринин тилкелерин жана номиналдарын пайдалануу үчүн шайкештик сертификатын берүүгө кеткен чыгымдарды, Кыргыз Республикасынын аймагына радионурландыруучу же жогорку жыштыктагы электромагнит толкундарынын булагы болуп эсептелген радиоэлектрондук каражаттарды жана түзүлүштөрдү, башка техникалык каражаттарды алып келүүгө уруксаттарды, ошондой эле байланыш каражаттарын бажылык тариздоого мүмкүндүк берүүчү башка документтерди түзүүгө кеткен чыгымдардын ордун толтуруу үчүн алынган төломдор;

- келишимдик милдеттенмелерге ылайык, Агенттик көрсөткөн кызматтар үчүн жеке жана юридикалык жактардан, мекемелерден жана уюмдардан алынчу каражаттардан көтөрүлчү суммалардан;

- башка жыйымдардан, төломдөрдөн, гранттардан, донордук жана башка уюмдардын жардамдарынан, мекемелердин, жеке адамдардын ыктыярдуу кошумчаларынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттардан.

18. Агенттик өз ишинен алган, ушул Жобонун 17-пунктунун экинчи абзацта каралган ар жылдык акыдан алынган каражаттын 60 пайызынан тышкаркы бардык финансылык каражаттар Агенттикке толук олчомдо берилет.

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы N 231 токтомунун редакциясына ылайык)

19. Агенттиктин финансылык ресурстары томонкулорго пайдаланылат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте озгочо жумуш шарттарын эске алуу менен Агенттиктин кызматкерлерине эмгек акы толоого. Мында Агенттиктин инженер-техникалык кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын олчому тиешелуу кызмат боюнча мамлекеттик кызматчылардын кызматтык маяналарынын денгээлинде белгиленет, ал эми кошумча устоктордун жана кошумчалардын олчомдору эмгек мыйзамдарынын жана жамааттык келишимдин шарттарына ылайык белгиленет;

- функциялык милдеттерди аткаруу үчүн керектуу материалдык-техникалык базаны онүктурүүго жана чындоого, анын ичинде ведомстволук, администрациялык жана башка имараттарды курууга, жабдууларды, шаймандарды, олчоочу техниканы сатып алууга;

- радиомониторингдин мамлекеттик системасын түзүүго жана онүктурүүго;

- имараттарды, транспорт каражаттарды ижаралоо чыгымдарын толоого, командировкалык, окулчулук жана башка чыгымдардын ордун толтурууга;

- ченемдик документтердин маалыматтык базасын түзүүго (илимий жана техникалык адабияттар, стандарттар, эрежелер, регламенттер, ошондой эле мезгилдүү жана техникалык адабияттан кочурмолор);

- Агенттиктин милдеттерин жана функцияларын аткаруу үчүн программалык камсыздоо продуктуларын сатып алууга;

- илимий-изилдоо иштерин, программаларды, техникалык регламенттерди, ченемдик

документтерди, усулдарды, колдонмолорду ж.б. иштеп чыгуу үчүн акы толоого;

- Агенттиктин кызматкерлерин окутууга, такшалтууга жана квалификациясын жогорулатууга;

- радиожыштык ресурстарын пайдалануу жаатында улуттук кызыкчылыкты коргоо, байланыш жаатында эл аралык жана улуттук жонго салууну стандартташтыруу, шайкеш келтирүү максатында дүйнолук жана региондук конференцияларга, семинарларга катышууга;

- улуттук радиожыштык ыйгарууларды коп тараптуу жана эки тараптуу негизде мамлекеттер аралык координациялоого жана аларды нотификациялоого;

- Эл аралык электр байланыш уюмунун, Дүйнолук почта союзунун, Байланыш жаатындагы региондук шериктештиктин иштерине жана байланыш тармагына тиешелүү башка иш-чараларга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын аймагындагы байланыш сапатына радиомониторинг жүргүзүүгө, козомолдоого жана контролдоого;

- региондор аралык башкармаларды кармоого чыгымдарды каржылоо үчүн дотациялоого;

- жамааттык келишимде каралган толоолорго.

20. Каражаттар директор бекиткен чыгымдардын сметасынын негизинде жана Жамааттык келишимдин шарттарына ылайык сарпталат.

7. Корутунду жоболор

21. Агенттикти озгортуп уюштуруу жана жоюу мыйзамга ылайык жүргүзүлот.

20. Агенттиктин документтери Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жонүндо мыйзамга ылайык сакталат жана пайдаланылат